**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин жыйынынын
№1-протоколунун көчүрмөсү

“19-декабрь ” 2018-ж. Жалал-Абад ш.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин жыйынында 11адамдын ичинен _9__адам, кеңештин курамынын 82,8 пайызы катышты. Жыйынды баштоого кворум бар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**

| к/№ | Каралуучу маселелердин аталышы | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1 | ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын, катчысын жана Көзөмөлчүлүк кенешинин 2019-жылга иш планын бекитүү. | Жалпы мүчөлөр |

**У Г У Л Д У:** ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын, катчысын бекитүү боюнча сунушу берилди.

Төрагалыкка Эрматов Н.А., Сулайманов З.Б. сунушталды. Эрматов Н.А. убактысынын аздыгын жана билим берүү тармагы боюнча тажрыйбасы жетишсиз экендигин айтып, З.Б.Сулаймановду көрсөтүүнү сунуштады. Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчылыгына университетте иштеп жаткан адамдын дайындалуусу, иш кагаздарын жүргүзүү керектигин белгилешип, Р.С.Нусупованы сунушташты.

Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү ачык добуш берүү менен Сулайманов Замирбек Байышбековичти ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына: «Макул» - 9, «Каршы» - жок, «Калыс»- жок жана катчы болуп, ЖАМУнун окумуштуу катчысы Нусупова Роза Сарыпбековнаны «Макул» - 9, «Каршы» - жок, «Калыс»- жок бекитишти.

Көзөмөлчүлүк кенешинин иш планы бекитүүгө сунушталды. Иш планга тиешелүү кошумчалар киргизилди.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү ачык добуш берүүнүн негизинде

**Т О К Т О М КЫЛАТ:**

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына жана катчылыгына:

1. Сулайманов Замирбек Байышбекович-Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы;
2. Нусупова Роза Сарыпбековна-катчысы болуп дайындалсын.
3. ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кенешинин 2019-календардык жылына иш планы бекитилсин.

***Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин биринчи отуруму***

Көчүрмөсү анык:

ЖАМУнун көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы: Нусупова Р.С.